**2021-жыл 15-сентябрь**

# ЭМГЕК КЕЛИШИМИ

**Г. С.Самсалиев атындагы Жогорку-Аларча орто мектебинин директору Мамышова Т.А. жана ______________________________________________**

**2021-2022 окуу жылына карата эмгек келишим түзүштү**

## ЖУМУШ РЕЖИМИН УЮШТУРУУ:

1. Жумуштун убактысы саат 7.45-14.00 чейин
2. Себепсиз жумуштан калбоо, себептүү учурда арыз менен мектеп администрациясына(директорго) кайрылуу зарыл,оозеки түрүндө же кимдир бирөөлөр аркылуу сурануу боюнча айттырып жиберүүгө катуу тыюу салынат.
3. Чогулуштарда, педсоветке катышууда өз оюн, сунуштарын киргизүү укуктуу болуу менен бирге, мугалимдик этиканы чогулуш учурунда сактоого милдеттүү.
4. Өзүнүн мугалимдик жүрүш-турушун, аброюн сактоо милдеттүү.

## ОКУУ ПРОЦЕССИН РЕЖИМИН УЮШТУРУУ:

1. Сапаттуу билим берүү, билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу
2. Сабактын жетимдүүлүгү, билим берүү тутумундагы окуп жаткандардын өсүп-жетилүүсүн жана даярдыгын деңгээли менен өзгөчөлүкторүнүн шайкеш келиши
3. Өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөтүүгө семинарларга, тренингдерге катышуу жана квалификациясын кеминде 3 жылда бир жолу жогорулатуу
4. Сабак учурунда окуутунун ар кандай ыкмаларын жана усулдарын колдонуу
5. Ар бир сабакта, жаңы теманы бышыктоодо жана үй тапшырмасын суроодо көбүнчө тесттик тапшырмалар менен окуучуларды суроого милдеттендирилет.
6. Окуу чөйрөнүү түзүү, ишмердүүлүгүн уюштуруу, ресурстарды колдонуу , тарбия процессин уюштуруу
7. Ар бир жумада окуу тарбия иштерин жазуу жүзүндөгү жыйындысы менен мектеп администрациясына текшертүү
8. Кабинеттин тазалыгына, жашылдануусуна кунугө көңүл буруу
9. Календардык жана окуу тарбия пландарын өз учурунда бекитүү, сабактардын күндөлук пландарын өз учурунда жазуу милдеттүү

10. Кабинеттин жасалышына, дидактикалык ,таратуучу материалдардын чогулушуна , окуу куралдардын , дептерлердин сакталышына жоопкерчиликтүү болуу
11. Класс жетекчилер күндөлүктүн, журналдын толтурушуна жана сакталышына көзөмөл салууга жана жумасына текшертууго милдеттуу
12. Сабак учурунда мугалим окуучуларды таштап сыртка чыгып, мобилдик телефон колдонуп же кимдир бироолор менен суйлошуп турууга катуу тыюу салынат.
13. Мугалим мектеп ичинде озунун жумуштагы ишмердуулугу менен гана алектенууго милдеттуу, мектеп ичинде ар кандай ушак создорду суйлоп териштирууго акысы жок. Себеби мугалим коомдун – күзгүсү.
14. Берилген тапшырмаларды оз убагында аткарбаган мугалимдерге жана жумуштан себепсиз калган мугалимдерге СТИМ берилбейт.
15. Окуу процесинде ар кандай шарттарга байланыштуу администрациядан суранган учурларда мугалим жайкы эс алуу учурунда ордуна иштеп беруу учун тушунук жазып суранып, эс алуу учурунда иштеп беруугo милдеттуу.
16. Сабак учурунда ордунда болууга зарыл жана сабак учурунда окуучуларды таштап коюп , кетууго тыюу салынат.
17. Танапис учурунда, дене тарбия сабагы учурунда, коомдук иштерде, ишембиликтерде мугалим ар бир окуучунун омурунун коопсуздугуна туздон – туз жооптуу
18. Окуучулардын сабакка катышуусуна жана сабактан сабакка кирүүсүнө ар бир класс жетекчи, предметник мугалимдер жооп берет.
19. Ар бир класс жетекчиси тунку рейдке чыгуу менен окуучулардын коопсуздугуна жооп берүүгө милдеттүү
20. Коомдук иштерге активдуу катышуу жана мектептин тарабынан берилген тапшырмаларды аткарууга милдеттуу
21.. Ишемби күндөрү бардык мугалимдер келип методикалык ар кандай таркатылуучу материалдарды (тесттик тапшырмаларды, карточкаларды) жана башкаларды жасоо менен алектенсин жана стим менен эсептелинет.
22. Мектепте пенсия курагындагы мугалимдердин ордуна жаш мугалимдер келсе, ошондой эле сааттар жетишсиз болуп калса, ордун бошотуп берүүгө милдеттуу.
23. Жаңы келген мугалимдер жана пенсиядагы мугалимдер бир жылдык эмгек келишими менен иштөөгө милдеттүү.
24. Ишемби кундору бардык мугалимдер келип методикалык ар кандай таркатылуучу материалдарды (тесттик тапшырмаларды, карточкаларды) жана башкаларды жасоо менен алектенсин жана стим менен эсептелинет.
25. Жумуштун башталышы 15-сентябрь 2021-жыл

Жумуштун аякташы 2022-жылдын 30-июль

**ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨ**

1. Мугалимге тарификациянын жана ар бир айдын табелинин негизинде эмгек акы төлөнөт
2. Ооруп калган күндөргө эмгекке жарамсыз баракча боюнча төлөнөт
3. Уй шартына байланыштуу акысыз отпуск 2 жумага берилет
4. Сабактарды замен кылган мугалимдерге эмгек акы төлөнөт
5. Отпуск эмгек келишимдин негизинде июнь-июль- август айларында берилет
6. Мугалим суранган учурларда арыздын негизинде эмгек акысы кармалбаган, бирок жайкы эргуу учурунда ордуна иштеп берүү менен чектелет.

**Бул келишимдин талаптары аткарылбаса , анда келишимдин негизинде**

1. **эскертуу берилет**
2. **согуш берилет**
3. **жумуштан бошотулат**

«жумушчу » «жумуш берүүчү»

___________________ ______________________

_________________мугалими мектеп директору

«____»_________2021-ж. «___»___________2021-ж.

Бул келишим 2021-2022 окуу жылына түзүлгөн